**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**БЕШ-ТАШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БЕШ- ТАШСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

Беш-Таш айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги
1-сессиясынын токтому

2025-жылдын 24-январы №9 Кызыл-Туу айылы

Талас районунун, Беш-Таш айыл аймагындагы Кум-Арык айылында жайгашкан (нефтебаза) 3 га жер тилкеси Беш-Таш айыл өкмөтүнүн балансына алуу жөнүндө.

Талас райондук прокуратурасынын 08.01.2024-жылы №11/1-24-сандуу талапка ылайык ошондой эле “ТЖ Сервис” ЖЧКнын өкүлү Турусбек уулу Мелис МОин КР №LE 140000420 сандуу лицензиясына ылайык Сертификаттын негизинде жана №12 сандуу 30.12.2024-жылы түзүлгөн актыгы ылайык мурдагы нефтебазанын бүгүнкү күндөгү базар баасы 76 млн сомду түзгөн актысын карап чыгып, мунципиалдык менчикке алуу максатында жана КР Жер кодексинин 18-беренесине ылайык, **токтом кылат:**

1. Кум-Арык айылындагы мурдагы нефти базаны аянты 3 га жер тилкесин мамлекеттик каттодон өткөрүлүп Беш-Таш айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүлсүн.
2. Тиешелүү иш кагаздарын бүткөрүү жагы Беш-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы Мурат Шамильге тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Сатыбек уулу Максат**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>БЕШ-ТАШ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БЕШ-ТАШСКОГО<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

**Беш-Таш айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги 3 сессиясынын токтому**

**2025-жыл 24-январь № 10** **Кызыл-Туу айылы**

**Көк-Кашат айылындагы спорт комплекстин жерин муниципалдык менчикке бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрь айындагы № 571 "Муниципалдык менчикте турган жер участокторун менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" типтүү жобону бекитүү тууралуу токтомун жетекчиликке алып, депутаттардын Беш-Таш айылдык Кеңеши **токтом кылат :**

1.Беш-Таш айыл аймагына караштуу Көк-Кашат айылынын Шекербеков Суеркул көчөсүндө жайгашкан "Рыспеков Токтогон" спорт комплекстин 0,09 га жер участогу муниципалдык менчигине (мөөнөтү көргөзүлбөгөн) пайдаланууга бекитилип берилсин.

2.Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография мамлекеттик агентигинин Талас филиалынан жерге берүүчү күбөлүктү берүү жагы суралсын.

3.Кабыл алынган токтомду көзөмөлгө алып аткаруу жагы Беш-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы Мурат Шамилге жүктөлсүн.

**Төрага** **Сатыбек уулу Максат**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
БЕШ-ТАШ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БЕШ- ТАШСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЯ

**2025-жылдын 24-январы №11** **Кызыл-Туу айылы**

Мал чарбасын өнүктүрүү максатында кашар жана чабан үй куруу боюнча Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекилген " Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө" Убактылуу жобону карап көрүп, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесин жетекчисликке алып Калба айылдык Кеңеши;

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Кашар жана үй куруу үчүн Беш-Таш айыл аймагынын административдик чегиндеги "Шоңкор" участогунун №1193 чөйрө сызыгындагы жалпы аянты 0,10 га жер участогун "Запастагы жерлер" категориясынын жайыт жерлер түрүнөн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынын курулуш алдындагы жерлерге которууга (трансформациялоого) макулдук берет.

2.Жерлерди бир категориядан башкасына же чарба жерлеринин башка түрүнө которуу (трансформациялоо) жөнүндө жерге жайгаштыруу көктөмөсүн даярдоо жогоруда аталган мыйзамдарга ылайык жүргүзүлсүн.

2. Жогоруда аталган мыйзамга ылайык, которуу (трансформациялоо) боюнча тиешелүү корутундуларды алуу үчүн иш кагаздарды жана Талас райондук жер комиссиясына сунуштоо даярдоо жагы Беш-Таш айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Сатыбек уулу Максат**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
БЕШ-ТАШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БЕШ- ТАШСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Беш-Таш айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги № 1 сессиясынын № 12 токтому**

**2025-жыл 24-январь № 12** **Кызыл Туу айылы**

**Жайыт боюнча 2025-жылдын 13 жана 20 февральда элдик жыйында чечилген маселелерди бекитүү жөнүндө**

1. Жайыттарды туура пайдалануу жана ар бир конуштарда малды жайууда нормадан ашык мал алынбасын, бир конушта кой менен гана отуруп бодо мал жок болгон болсо жайыт жетпей жаткан башка фермерлер үчүн нормага ылайык бодо малын же койлорун жайгаштырууга уруксат берилсин, жайыттын сыйымдуулугуна жараша мал алынсын.

2. Малдарды өз убагында даарылабай, эмдөөдөн өткөрбөй, ветеринардык талаптарды өз убагында аткарбаган жайыт пайдалануучуларга жайыт билети жана келишими берилбесин.

3. 2025-жылга элден алынган малдын бир айлык акысы кой башына 120 сом бодо малга 800 сом, кой эчки 120 сом, жылкы 800 сом, уй 800 сом болуп бекитилсин.

4. Жайытка төлөнүүчү жыйым кой башына 20 сом бодо малга (уй жылкы) 100 сом. Алыскы Итагар жайыты үчүн кой башына 15 сом бодо малга 100сом болуп бекитилсин. Кыштоо жайыттары үчүн кой башына 10 сом бодо малга 50 сомдон жайыттын эсебине алынсын. Жайлоого башка жактарга (Суусамыр, Токтогул, мамлекеттик коруктун жери ж.б) барып жайлагандар Беш-Таш айыл аймагынын жаздоо жайыттарын пайдалангандыгы үчүн мал башына 50% пайыз (кой башына 10 сом, бодо малга 50 сом) төлөм жүргүзүшсүн.

5. Жайлоого көчүп баруу келүү убактысы

Калба өзөнүнө баруу убактысы: 20 майда ачылып 10 июньга чейин калбай толук көчүп барышсын. Көчүп келүү убактысы 10 сентябрьда ачылсын.

Беш-Таш өзөнүнө 15 июньда ачылып 30 июньга чейин калбай толук көчүп барышсын. Көчүп келүү убактысы 15 сентябрьда ачылсын.

Итагар жайлоосу үчүн аба-ырайынын шарттарына каралып көчүп конуу убактысы жайыт адистеринин көзөмөлү менен ишке ашырылсын.

6. Өзү жайлоого чыкканга шарты болбой, чабандын түйшүгүн тартпай, пайдаланып жүргөн жайытын (конуш) өз наамында сакташ үчүн, башка жайытка жетпей жүргөн айыл аймагыбыздын жайыт пайдалануучуларына өз кызыкчылыктарын таңуулап, жайытын берип жүргөндөргө кол коюлбасын. Мындай учурда жайыттары алынып башка жайытка муктаж жайыт пайдалануучуларга берилсин.

7. Жайыт билетин келишимин албай туруп, жайыттарга уй жана жылкыларын таштап койуп көзөмөлдөп жүргөн айыл аймагыбыздын тургундары милдеттүү түрдө мыйзам чегинде жайыт билетин жана келишимин алышсын. Малдарын чабандардын карамагына кайтарууга кошушсун, чар жайыт кароосуз таштаганга жол берилбесин. Жайыт адистеринин макулдугу менен жайыттарды пайдаланышсын.

8. Жайыт тартыштыгы пайда болгон учурда сырттан алынган малга тыюу салынсын. Эгер алынса кой башына 50 сом. Бодо малга ( уй, жылкы) 250 сомдон төлөм алынсын.

9. Жайыттарды пайдалануу жайыт билети жана келишимдин негизинде гана уруксат берилсин.

**Төрага:** **Сатыбек уулу Максат**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**БЕШ-ТАШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БЕШ-ТАШСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

**Беш-Таш айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги 1 сессиясынын №13 токтому**

**2025-жылдын 24-январь № 13** **Кызыл-Туу айылы**

**Беш-Таш айыл аймагына караштуу Бал-Бал айылындагы ФАПка тиешелүү жерге ЖАК "Альфа Телекомго жерди ижарага берүү жөнүндө"**

Беш-Таш айыл аймагына караштуу Бал-Бал айылындагы ФАПка тиешелүү жерге ЖАК "Альфа Телекомго жерди ижарага берүү боюнча Беш-Таш айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Беш-Таш айыл аймагына караштуу Бал-Бал айылындагы ФАПка тиешелүү жерге ЖАК "Альфа Телекомго 16 чарчы метр жердин ижарага берүүгө макулдук берилсин.

2. Кабыл алынган токтомду аткарууга Беш-Таш айыл аймагынын башчысы Мурат Шамилге милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Сатыбек уулу Максат**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
БЕШ-ТАШ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БЕШ-ТАШСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

---

**Беш-Таш айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги 1 сессиясынын токтому**

**2025-жыл 24-январь № 14** **Кызыл-Туу айылы**

**Беш-Таш айыл аймагына караштуу Калба айылынын тургуну Береналиев Аалынын арызы жөнүндө**

Беш-Таш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз сессиясы күн тартибинде маселени карап чыгып Беш-Таш айылдык кеңеши **токтом кылат :**

1.Беш-Таш айылдык кеңешинин сессиясында карап жана талкуулап Жүндүбаев Токуш согуштун ардагеринин аты №160 чөйрө сызыгында жайгашкан Калба айылынын биринчи көчөсүнө белгиленсин.

2. Калба айылындагы №160 чөйрө сызыгында жайгашкан көчө Жүндүбаев Токуш атындагы көчө болуп катоого алынсын.

3.Кабыл алынган токтомду көзөмөлгө алып аткаруу жагы Беш-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы Мурат Шамилге жүктөлсүн.

**Төрага** **Сатыбек уулу Максат**